**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**
**КЫЗЫЛ-ЖЫЛДЫЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ДЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КЫЗЫЛ-ЖЫЛДЫЗСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

Кызыл-Жылдыз айыл аймагынын айылдык кеңешинин V чакырылышынын кезектеги 11-сессиясынын

ТОКТОМУ № 5-11-2

2022-жыл 7-февраль Кызыл-Жылдыз айылы

**Кызыл-Жылдыз айыл аймагында «Жайытты башка максатка пайдаланууга» берүү жөнүндө**

Кызыл-Жылдыз айыл аймагынын Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин төрагасы Д.Өмүрзаковдун сунушун угуп жана талкуулап Кызыл-Жылдыз айылдык кеңеши,**токтом кылат:**

1.Жайыт жерин өз күчтөрү менен арык казып, суу чыгарып, ташын терип өздөштүрүп, тоют даярдоо максатында келишимдин негизинде айдоо жер катары пайдаланса 1(бир) гектар аянтка 1(бир) жылга ижара акысы 1500 (бир миң беш жүз) сом, үч жылдан кийин ушул эле жер 1 га аянтка 5000 (беш) мищ сом болгондугу белгиленсин.
2.Жайыт жерин жайыттан башка максатта пайдаланууда толук кандуу пайдаланганга чейин, ижара акысы 1 га аянтка 10 (он) миң сом болгондугу белгиленсин.
3.Ушул эле жайыт жерин толук кандуу пайдаланып баштагандан кийин 1 га аянтка 1 жылга ижара акысы 20 (жыйырма ) миң сом болгондугу белгиленсин.

4.2022-жылдын 7-февралына чейин ижарага берилип кеткен жайыт жерлери 2022-жылдан баштап ушул токтомдо көргөзүлгөн баага келтирилсин.

5.Бул токтомду көзөмөлдөө жагын айыл өкмөт башчысы Дуйшенбек уулу Амантурга милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Жолдошбек уулу Жоодар**